# Мектепте окуучуларды адеп маданиятына үйрөтүүнүн системасы жана анын өзөктүү түшүнүктөрү тууралуу

Мектеп окуучуларына адептик үлгү сапаттарды калыптандырууда ар бир предмет өз салымын кошорунда шек жок. Ошентсе да, адамдын жан дүйнөсүн калыптандыруучу жана бекемдөөчү предметтер катары учурдагы «Адеп» предмети, эне тили, адабияты, мекен таануу, музыка сабактары, же алардын интеграцияланган келечектүү жаңы формалары чоң роль ойномокчу. Ал үчүн алардын ар биринде бала тарбиясындагы максаты, милдеттери жана мазмуну мезгилге жараша так аныкталуу менен, анын технологиялары да жаңыруусу, жаңы концепциялар менен байытылуусу, толукталуусу зарыл.

Албетте, аларда балага адептик заманбап үлгү сапаттардын жана адептик маданияттын системасы тууралуу кенен маалыматтар, анын негизги өзөктүү түшүнүктөрү, аларга үйрөтүүнүн илимий-методикалык негиздери, билим берүү философиясындагы маани-маңызы, бала тарбиясындагы өз кошор үлүшү да эмнелер экендиги белгилүү болуусу, ал түшүнүктөр окуу процессин жүргүзүүдө, окуу китептерин жана методикалык адабияттарынын жаңы муундарын өркүндөтүп кайра түзүүдө негиз катары алынышы зарыл.

Ал түшүнүктөр мына булар болуусу керек деп ойлойбуз;

1. Окуучуларды адептик түшүнүктөр менен тааныштыруу;
2. Буларга негизденип адептик билимдерди түптөө;
3. Адептик мамилеге үйрөтүү;
4. Адептик сапаттарды бекемдөө;
5. Адептик касиеттерди өнүктүрүү;
6. Адептик баалуулуктарды, наркты тутунуу;
7. Адептик нусканы сиңирүү;
8. Адептик кодексти кабылдоо;
9. Адептик жүрүм-турумду калыптандыруу;
10. Адептик тарбия берүү.

Бул өзөктүү түшүнүктөр өз алдынча бир бүтүн системаны, т.а. адептик маданияттын бүтүн системасын элестетип турат. Бул тараптан алганда, тарбиялуулук эмне дегенде профессор Э.Мамбетакунов айткандай: «…тарбиялоо процессин система катары кароо менен, аны терең түшүнүү үчүн алдын ала аныкталган критерийлердин негизинде…» баа берүү керек экендиги көңүлгө уюйт. Ал үчүн адегендеги адептик түшүнүктөрдөн тартып, адептик-ахлактык тарбия берүүгө чейинки аткарыла турган ыраатуу иш-аракеттердин системасын айтып тургандыгын белгилейт. Ошондуктан, аны «адеп окуусу» деп түшүнүүгө боло тургандыгын айгинелейт. Анткени, анда бала тарбиясында өзүнүн бекем орду бар өз алдынчалуу философиялуу окуу экендигин көрө алабыз.

Баланын адептик тарбиясын калыптандыруу анын адеп маданиятын бекемдөө катары түшүнүлөрү белгилүү. А, баланын адеп маданияты: тактап айтканда, **баланын өздүк маданияты, туугандык, достук мамиле**

**маданияты, коомдук-социалдык маданияты жана табият менен мамиле маданияты** аттуу төрт багытта көрүнөт.

Эми, жогорудагы кеп кылган адептик он түшүнүк менен адеп маданиятынын төрт багытын байланыштырып, чийме менен төмөндөгүчө элестетип көрөлү.




Муну, эгер, жалпы түшүнүктөрдү мүнөздөп турган системалуу структура деп түшүнсөк, анда баланын адептик маданиятынын төрт багытынын ар бир багытына ылайык адептик өзөктүү он түшүнүк менен да өз алдынча байланышта изилдеп карасак болот. Анда, анын чиймеси төмөндөгүчө болмокчу. Мисал катары, адеп маданиятынын бир багытынын чиймесин чийип көрөлү (№1 чийме).






Демек, бул чиймеден, баланын адеп маданиятынын негизги багыты болуп саналган өздүк маданиятына байланыштуу сабакта кандай адептик түшүнүктөрдү берүү, ага ылайык кандай адептик билимдер менен куралдандыруу, кандай адептик мамиле үйрөтүү, кандай адептик касиеттерин өнүктүрүү, кандай адептик баалуулуктарды жайылтуу, кандай адептик нусканы сиңирүү, кандай адептик жүрүм-турум калыптандыруу жана ушулардын жыйынтыгында, балдарга адептик тарбия берүү деген эмне экендигин билүүгө болот.

Ошентсе да, ири алдында, баланын өздүк маданиятынын, туугандык, достук мамиле маданиятынын, коомдук-социалдык маданиятынын жана табият менен мамиле маданиятынын мүнөздүү белгилерин чечмелеп алуубуз керек деп ойлоймун.

Андай болсо, төмөнтө ошого көңүл бөлөлү (№2 чийме).



| | | | |
|---|---|---|---|
| Адептүүлүк | боорукердик | кайрымдуулук | каниеттик |
| тазалык | мээримдүүлүк | адилеттүүлүк | ырайымдуулук |
| абийирдүүлүк | кечиримдүүлүк | жоомарттык | үнөмчүлдүк |
| ак ниеттүүлүк | тууганчылдык | калыстык | топуктуулук |
| тактык | айкөлдүк | биримдүүлүк | нысаптуулук |
| акылдуулук | ынтымактык | чынчылдык | эмгекчилдик |
| эстүүлүк | меймандостук | айкындык | мээнеткечтик |
| элпектик | баамчылдык | мекенчилдик | |
| сергектик | зиректик | улутжандык | |
| кең пейилдик | күйүмдүүлүк | парасаттуулук | |
| бүйрөлүк | сыйчылдык | сабырдуулук | |
| туруктуулук | кишичилдүүлүк | элдүүлүк | |
| убадалуулук | кичипейилдик | жоопкерлик | |
| эрктүүлүк | берешендиги | тартиптүүлүк | |
| жөнөкөйлүк | колу ачыктыгы | нарктуулук | |
| уяттуулук | жардамдашуу | токтоолук | |
| сарамжалдуу | сылыктык | кайраттуулук | |
| акылмандык | коомчулдук | эрктүүлүк | |
| билимдүүлүк | акыйкаттуулук | сарамжалдык | |
| проблеманы чече билүүчүлүк | | | |
| чечкиндүүлүк | | | |

Маселе, мына ушул адеп маданиятынын мүнөздүү белгилеринин ичинен, адептик түшүнүктөр жана адептик билимдерден тартып, адептик өзөктүү он түшүнүктөрүнүн ар биринин белгилерин алуубуз керек.

Эми, сөз учугун ошол тууралуу багытта аңгемелешүү үчүн «Адеп» сабагынынын мисалында уланталы.

Мисалы: **Өздүк маданияттан:** адептүүлүк, тазалык, абийирдүүлүк ж.б.

1. **Туугандык-достук мамиле маданиятынан:** боорукердик, мээримдүүлүк, кечиримдүүлүк, туганчылдык ж.б.
2. **Коомдук-социалдык маданиятынан:** коомчулдук, акыйкаттык, кайрымдуулук ж.б.
3. **Табият менен мамиле маданиятына:** сарамжалдуулук, каниеттик ж.б.

Мугалим булар тууралуу түшүнүктөрдү берүүдө төмөндөгүдөй логикалык стуктураны карманган иш-аракеттердин аткарылышы толук мүмкүн.

Мисалы: -бул адептик түшүнүктөр эмнени билдирет? (М: адептүүлүк деген эмне?)

-алар кандай турмуштук кырдаалдарда байкалат(М: адамдын адептүүлүгү турмуштук кандай кырдааалда байкалат?)

-алар адамга эмне үчүн керек? (Мисалы: адептүүлүк адамга эмне үчүн керек?)

-адамдын турмушунда алардын мааниси канчалык?(М: адам турмушундагы адептүүлүктүн мааниси канчалык?)

-алар адамдын кандай экендигиндеги ролун таануу (М: адептүүлүктүн адамдын кандай адам экендигине баа берүүдө ролу кандай?...) ж.б.

Андай болсо, «Адептүүлүк деген эмне?» деген алгачкы темадагы бир сабактын логикалык аппараты төмөндөгүдөй болот – деп элестетели.

***I. Сабактын уюштуруу бөлүгү***

**а) сабактын темасын негиздөө:** «Адам көркү – адеп». Адеп- адамдын негизги адамгерчилик сапаттарынын негизи.

**б) сабактын максатын аныктоо:** адеп, ыйман, адептүүлүк жөнүндөгү алгачкы түшүнүктөрдү берүү;

-адептүүлүк сапаттар кандай болору тууралуу окуучулардын ой-жүгүртүүлөрүнө багыт берүү;

**в) сабактын жабдылышы:** элдик накыл кептер, учкул сөздөр, макал-лакап, ырлар, аңгеме жомок, сүрөттөр;

***II. Сабактын багыт берүүчү бөлүгү***

**а) сабактагы башкы идея:** Балдар адам көркү адеп болгон адептүүлүк жөнүндө түшүнүктөрүн түптөө.

**б) өзөктүү сөздөрдү түшүндүрүү:** адеп, ыйман, адептүүлүк, ыймандуулук

***III. Сабактын активдештирүүчү бөлүгү:***

**а) сабактын жүрүшүн пландоо:** (теманы түшүндүрүүнүн методдору, ыкмалары, негизги түшүнүктөр, бышыктоо үчүн жана кошумча талдоо үчүн материалдар, үйгө берилүүчү тапшырма, ж.б.)

**б) сабактын мазмунун ачуу:** адептүүлүк тууралуу элдик накылдардын, ыр, аңгеме, жомоктордун мазмунун ачуу, аркылуу балдардын адептик түшүнүктөрүн түптөө. Адептүүлүктүн турмуштук маанисин ачуу.

***IV. Сабактын бышыктоочу бөлүгү:***

**а) адептик түшүнүктөр чагылдырылган кырдаалдарды талдоо** (М: улууга жардам берүү, кичүүгө ызаат көрсөтүү, улууга биринчи салам айтуу... ж.б.)

**б) адептик түшүнүктөр чагылдырылган жаңы кырдаалдарды окуучулар менен бирге түзүү** (М: класста жолдошторуна жардам берүү, мугалимине адептүү мамиле жасоо...ж.б.)

**в) окуучулардын өз алдынча тема боюнча түзгөн кырдаалдарын талдоо.**

***V. Сабактын жыйынтыктоочу бөлүгү:***

**а) суроо-жооптор менен бышыктоо (Адеп, адептүүлүк, ыйман, ыймандуулук жөнүндөгү окуучулардын түшүнүктөрүнүн бекемделүүсү жөнүндө, окуу материалдарынын мазмунун кабыл алуусунун деңгээли боюнча суроо-жооптор)**

**б) жалпылап жыйынтыктоо;**

**в) теманын максатына жетишилгенин талдоо;**
**г) балдардын билимин баалоо;**
**д) үйгө тапшырма берүү**

Сабактагы мына ушундай логикалык-методикалык аппарат гана окуучулардын түшүнүктөрүн практикалык негизде түптөөгө жол ачат-деп ойдойбуз. Ал логикалык-методикалык аппарат жана жогоруда атап өткөн адептик сапаттар мектептеги «Адеп» предметинин өзөк сызыгын түзгөн концептуалдуу багыт, ал тургай түпкү максаттар да болушу шарт.

Албетте, ал инсандык сапаттар тууралуу сабакта кеңири планда интерактивдүү талкуулоолор жүрөт. Ошондо да, алар балдар жашаган коомдук чөйрө, балким, айыл же шаар чөйрөсү жана анын балага тийгизген оң же терс таасирлери, андайдагы негетивдүү айрым шарттардан баланы кантип коргоп калуу тууралуу да ой жүгүртүүлөр сөзсүз болмокчу. Анткени «Чөйрөнүн таасири балдардын бирине оң,сапттарды туу туттурса, экинчилерине айрым бир терс таасирлерди жуктурат.Ошентип жан дүйнөсү ар кандай адамдар пайда болот» (Э.Мамбетакунов, Адамдын жан дүйнөсү жана жетилүүсү жөнүндө, КББАнын Кабарлары, №2, 2014, 31-бет.).

Эми, бул чакан макалада балдардын адеп маданиятынын бардык багыттарына ылайык өзөктүү түшүнүктөр деп аталган бардык материалдарды кеп кылууга мүмкүн эмес. Негизги багыттар тууралуу, урунттуу жагдайлары боюнча методикалык сунуштарды айтып өтөлү.

Жогоруда өздүк маданияттын тегерегинде адептик түшүнүктөрдү сабакта балдарга кантип жеткирүү тууралуу айтылды. Эми адептик он түшүнүктүн калгандарынын мүнөздүү белгилерин бир мисалдын тегерегинде атап өтөлү (№3 чиймени караңыз)

| | |
|---|---|
| Адептик билим | Саламдашуу, улууга урмат көрсөтүү, кичүүгө ызат кылуу, ата-энени бир тууганды сыйлоо...ж.б. жөнүндө элдик билимдерди өздөштүрүү |
| Адептик мамиле | Адептик билимдер жөнүндөгү элдик билимдерге ылайык улуу-кичүү, тааныш-бейтааныш, үйдө жана коомдук жайда адептик алгачкы мамиле жасоого үйрөтүү |

**Баланын өздүк маданияты** → Адептүү-лүк →

| | |
|---|---|
| Адептик сапат | Баланын жаш дүйнөсүндө элдик адеп билимдеринин негизинде адеп-ыймандык сапаттарды: абирийдүүлүк, ак ниеттүүлүк, туруктуулук, кичипейилдик, калыстык,толеранттулук ж.б. сапаттарды бекемдөө. |
| Адептик касиет | Жогорудагы адептик сапаттарды баланын жан дүйнөсүндө бекемдөө менен, эрктүүлүк, уяттуулук, чынчылдык, айкөлдүк, сабырдуулук, мээнеткечтик, өз проблемасын өзү чече билүүчүлүк ж.б. сыяктуу түпкү касиеттерди өнүктүрүү |
| Адептик баалуулук | Адептик коомдук жана jздiк касиеттерди jнiктiрii менен, турмуштук тутка, бекем кjз караш баалуулук катары тутуу, акылмандык, нарктуулук, улутжандык, коомчулдук, эмгекчилдик саппаттар сыяктуу асыл баалуулук катары кармануу бардык жакшы касиеттерди адептик баалуулукка айландыруу |
| Адептик нуска | Ыймандуу бол, нарктуу бол, элдик бол, көпчү бол, эл уулу бол, намыстуу бол, элдик мурастарды урматта, калыс бол, сабырдуу бол, топуктуу бол, кең пейил бол, ынтымакка кел - деген сыяктуу элдик нускаларды окуу материалдарынын негизинде сиңирүү |
| Адептик кодекс | Жогорудагы негизденип: «Уулу адамга озунуп салам айт», «Ата-энең сенин-бак таалайың, аны көзү барында сыйла», «сыйчыл бол, бирөөнү сыйласаң, сен бирөөдөн сый көрөсүң», «ырыс алды ынтымак, ынтымактуу болсоң душман алдында бекем болосуң» сыяктуу рухий кодекстерди кабылдоо |
| Адептик жүрүм - турум маданияты | Туура билимдин, бекем тутулган мамилелердин, сапаттардын, касиеттердин, баалуулуктардын жана адептик рухий кодекстерди өздөштүрүүнүн натыйжасында туруктуу адептик жүрүм-турум эрежелерине калыптандыруу |
| Адептик тарбия | Салттуу адептик чен өлчөмдөргө таянып, бекем адептик маданиятка калыптануу |

Демек, бул чиймеден көрүнүп тургандай, адептик тарбиянын рухий негизи, таянычы адептик түшүнүктөр экендигин, анын негизинде гана балдарга адептик билим бериле тургандыгын, анын негизинде уулу-кичүүгө адептик алгачкы мамиле жасоого үйрөтүүгө болорун, ошондон улам баланын жан дүйнөсүндө адептик сапаттар түптөлөрүн, бул сапаттардын негизинде адептик адамгерчилик касиеттерди өнүктүрүү мүмкүндүгүн, ал адептик касиеттерди адептик баалуулукка айландыруу жана ал баалуулуктарды бекем кармануууну, бул баалуулуктар бара-бара башкаларга айтылар адептик үлгү нуска болорун, ал нускалар элдик адептик кодекс катары бекемделерин,

кодекстер сөзсүз адептик жүрүм-турум эрежелерине айланарын, мына ушундай системалуу иш- аракеттерден улам гана адеп-ахлактык маданитка бекем калыптануу, натыйжада адептик нарктуу тарбия жүзөгө ашыруусу мүмкүн экендиги ойго түшөт. Албетте, алардын тууралыгы менен келечектүүлүгүн окуу жана турмуш практикасы далилдемекчи.

Мындай абал мектеп менен турмуштун ортосунда турган баланы элестетет. Мектепте мугалим баланы ар кандай терс сапаттардан коргоочу катары көрүнсө, турмушта бала өзүн эркин сезип, каалаганын аткарууну көздөгөн шарт болуп берүүсү мүмкүн. «А адамды тескери жолго салган себептердин бири- анын каалоосу» (Жумабаева Г., Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык-психологиялык аспектилер», Б., 2009, 52-бет). Ошондуктан, улуу педагог К.Д.Ушинский айтмакчы, «Эч кандай устав, программа, китеп ж.б. адептик аң –сезимди өнүктүрүүдө тарбиячыны алмаштыра албайт», мугалим-тарбиячынын инсандык үлгү сапаттары жана анын тарбиялык таасирдүү сабактары гана окуучуну жогорудагы мыкты адептик сапаттарга калыптандырмакчы.

Адабияттар:

1.Мамбетакунов Э., Т.Сияев, Педагогиканын негиздери, Бишкек, 2008, 258-б

2. Мамбетакунов Э., Адамдын жан дүйнөсү жана жетилүүсү жөнүндө, КББАнын Кабарлары, №2, 2014, 31-бет.

3.«Адеп» предметинин программасы

4.«Адеп» боюнча окуу китептери

5. Жумабаева Г., Адептик аң-сезимдүүлүккө тарбиялоонун педагогикалык-психологиялык аспектилер», Б., 2009, 52-бет.

6. Рысбаев С., «Жомок-терапиясы» деген эмне жана ал эмнени дарылайт?» китепте: Казакстан,” PR и SMI в Казахстане», илимий-методикалык эмгектердин жыйнагы, Алматы, под.ред проф. Ахметовой, 2014, ...-б.